| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ОШ ОБЛУСУ<br>АЛАЙ РАЙОНУ<br>ГҮЛЧӨ<br>АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>АЛАЙСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ<br>ГУЛЬЧИНСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА |
|---|---|

**Гүлчө айылдык кеңешинин 8-чакырылыштын депутаттарынын кезексиз 6 - отуруму**

# Т О К Т О М

**№ 6/6**

**2025-жылдын 03-марты** **Гүлчө айылы**

**Гүлчө айыл өкмөтүнүн Аксакалдар сотунун регламентин бекитүү жөнүндө**

Гүлчө айылдык кеңешинин VIII-чакырылыштын кезексиз 6-отуруму, Гүлчө айыл өкмөтүнүн башчысынын орун басары Э.Кадырованын, Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик Агенттиктин 2024-жылдын 17.12. №01-25//42 буйругун жетекчиликке алып, Аксакалдар сотунун уюштуруу-укуктук негиздери жана алардын иштери боюнча Гүлчө айыл өкмөтү тарабынан иштелип чыккан,Аксакалдар сотунун регламенти айылдык кеңеш тарабынан бекитүүлүсү боюнча билдирүүсүн угуп жана талкуулап, Кыргыз Республикасынын 20.10.2021-ж. №123 «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Мыйзамынын 34-беренесинин 1-17-пунктуна ылайык **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик Агенттиктин 2024-жылдын 17.12. №01-25/42 буйругуна ылайык, Гүлчө айыл аймагынын Аксакалдар сотунун регламенти Жобого ылайык бекитилип берилсин. (Тиркеме тиркелет).

**2.** Кабыл алынган токтомдун мыйзам чегинде аткарылышын камсыз кылуу айыл өкмөт башчысына жана КААБ мүчөлөрүнө милдеттендирилсин.

**3.** Ушул кабыл алынган токтомдун мыйзамдуу аткарылышын көзөмөлдөө жагы Мыйзамдуулук, депутаттык этика жана кеңештин иштери боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **А.Б. Самиев**